**Токтогул атындагы №6 орто мектебинде 2022-2023-окуу жылынын 14-октябрь куну «Мектепте коопсуз окуу чөйрөсүн түзүү» жана «Экстремизмге мыйзамсыз миграцияга каршы» аттуу ата-энелер комитеттеринин жыйынынын**

**№ 2 протоколу.**

**14.10.2022-ж.**

**Кызыл-кы шаары Токтогул атындагы №6 орто мектеби**

**Катышкандар:**

**Кызыл-Кыя шаардык УКМКнын кызматкерлери- Абдылдаев К., Мойдун уулу Б.**
**Кызыл-Кыя ШИИБдин Экстремизимге, мыйзамсыз миграцияга каршы аракеттенүү кызматынын кызматкерлери милициянын улук лейтенанты- Абыганы уулу Ө.**
**Кызыл-Кыя шаарынын билим берүү бөлүмүнүн башчысы-Д.Д.Матосмонова**
**Мектеп директору- Сарытаева Дилбаркан Турдуматовна**
**Мектептин участкалык инспектору- Калматов Т.**
**Ата-энелер комитеттери-22**
**Класс жетекчилер- 25**

**Күн тартибинде каралуучу маселелер:**

1. **Мектеп окуучуларынын мектептеги коопсуздугун алдын алуу максатында түшүндүрүү иштеринин жүргүзүү.**
2. **«Экстремизмге мыйзамсыз миграцияга каршы» деген темада сүйлөшүү.**

**Угулду:**

**1.Мектеп директору Сарытаева Д.Т. сүйлөдү**:

- Саламатсыздарбы урматту ата-энелер жана келген коноктор. Бүгүн бизге Кызыл-Кыя шаардык ички иштер жана УКМКнын кызматкерлери «Окуучулардын мектептеги коопсуздугу, ошондой эле мыйзамсыз миграцияга каршы» деген темада график боюнча жыйынын өткөрүүдө. Чындыгында бул маселелер мектепте дайыма негизги иштөөчү багыттардын бири . Биздин мектепте коопсуз окуу чөйрөсүн камсыз кылуу жана мыйзамсыз миграция иштерин алдын алуу боюнча үзгүлтүксүз иштер жүргүзүлүп келет. Сөз кезегини Кызыл- Кыя шаарынын УКМКнын кызматкерлерине берсек:

**2.Кызыл-Кыя шаардык УКМКнын кызматкери Мойдун уулу Б. сүйлөдү**:

- Саламатсыздарбы урматтуу мугалимдер,ата-энелер. Бүгүнкү жыйындын негизги максаты мектептеги балдардын коопсуздугун сактоо, алдын алуу.

Бүгүнкү күндө мамлекет терроризмге каршы күрөшүүгө багытталган ар кандай чараларды колдонууда.Терроризмдер ар кандай жол менен келүүдө,ошол себептен «тревожный кнопка» орнотуу, охрананы күчөтүү керкек. Терроризм менен диндин айкалышы дүйнөнүн анын ичинде Кыргызстандын да негизги маселелеринин бири болуп саналат. Ошондуктан терроризмге каршы туруп алдын алуу максатта балдардын тартибине, жүрүш турушуна жакшы көнүл бурушубуз керек. Кыргызстанда минималдуу 800, максималдуу 1000 ден ашуун биздин жарандар Сирияда жүргөндүгү анык. Алар эмне үчүн Сирияга кетишкен? Себеби ал балдарды Кыргызстанда эле террористик идеялар менен көнүлүнү буруууда.Ошондуктан сиздер менен биз тынымсыз түшүндүрүү иштерин жүргүзүшүбүз керек .

**3.Кызыл-Кыя шаарынын ички иштер кызматкери ГОВД 10-рота кызматкери Абдыганы уулу Ө. сүйлөдү:**

Экстремисттик эң сезимтал социалдык катмар катары жаштар болуп саналат. Анын үстүнө, өспүрүм жаштар болжол менен 14 жаштан баштап- бул учурда , адам өз алдынча адам катары калыптанышы башталат. Кыргызстандагы экстремизм жана терроризмдин жайылынышынын негизги себеби, тура эмес жолдогу диний агымдар, уюшулган кылмыштык топтор, интернет тармагындагы телефондогу оюндар.Баланын психикасы телефон аркылуу өзгөрүп жатат. Баланы сиздер эмес, телефон тарбиялап жатат ошондуктан баланы көзөмөлдөп турунуздар. Телефондо ким менен суйлошуп жатат.Телефонду жакшы жакка, пайдалуу нерсени колдонуп жатабы? дайыма көз алдыныздарда болушу керек.

2013- жылы Кыргызстан боюнча Сирияга Кызыл-Кыя шаарынан бизден кеткен адам бар. Билесиздер баланы алдаш оңой «Акча керекпи!? Оңой жол менен акча табышты каалайсынбы?! Иштейсинби?» - деп көп сумманы айтып балдарды оңой эле алдоого болот. Балдар Россияга барам деп Сирияга кетип калышат. Ошондуктан баланы көзөмөлдөнүздөр. Балдарыңыздарда кандайдыр өзгоруү пайда болсо кабар бериңиздер.

**4.Кызыл-Кыя ШИИБдин кызматкери милициянын улук лейтенанты Абдуллаев Б. сүйлөдү:**

- Биз план менен ар бир мектепте ата- энелер чогулуш өткөрүп жатабыз. Кандайдыр шектүү нерсе көрсөнүздөр же уксаңыздар бизге кабар бериңиздер. Учурда дүйнөдө экстремизм көйгөйү тууралуу көбүрөөк айтылууда. Буга бардык себептер бар. Балдарыныздарга көңүл буруп, алар менен улуттар ортосундагы достук бири-бирине болгон толеранттуу мамиле тууралуу баарлашууну суранабыз. Ата-эне баласынын жүрүм-турумундагы өзгөрүүнү байкаш үчүн ар дайым дос болуш керек. Көптөгөн ата-энелер, тилекке каршы алардын бош эместигинен,жумушта көп убакыт өткөргөндүктөн,жүрүм – турумдагы өзгөрүүлөрдү дайыма эле байкабай калышат. Кантип ойлойсуздар, баланы мектептен тышкары жумуш менен камсыз кылуу зарылбы?

Жарыш сөзгө чыккан ата-энелер:

**5. Шаардык билим берүү бөлүмүнүн башчысы Д.Матосмонова сүйлөдү**:

- Ооба, балада спорттук секция, өзүнүн кызыккан ийримдери боюнча кошумча иш чаралар менен болгондо, ал интернеттеги психикасына терс таасирини тийгизген маалыматтарга мүдүрүлбөйт.Баланы телефондон алыстатсак, экстремистик үгүттүн таасирине түшүп калуу коркунучун бир кыйла азайтууга жардам берет.Ошондуктан сабакта жана сабактан тышкаркы ийрим сабактарында балдарга коопсуздук эрежелери, экстремизм, диний туура эмес көз караштар тууралуу тыныымсыз маалыматтар берилип , тарбиялоо иштери жүргүзүлүп кетиши керек.

**6. Ата-эне Сыдыкова Канзада сүйлөдү**:

-Компьютердик оюндар баланын өнүгүүсүнө терс таасирини тийгизет,анткени ата-эне менен болгон баарлашуудан алыстатып, ал оюндагы каармандын мыкаачылык менен кылган мамилени үйрөнөт.

**7.Ата-эне Пахырова А. сүйлөдү**:

-Туура эле интернеттеги оюндар баланы ,ата-энесинин сөзүнү укпастан ырайымсыз, таш боор болушуна себептүү болуп жатат.Ошондуктан жашы жете элек балдардын телефондон алыстатуу керек, алыстатпасак бала өзүмчүл болуп калат.Бала өзүмчүл болуп калбаш үчүн баалуу телефондун ордуна кызыктуу китептерди алып бергениңиздер оң.

**8. Кызыл-Кыя шаардык УКМКнын кызматкери-Мойдун уулу Б. сүйлөдү**:

- Бүгүнкү күндө мыйзамсыз миграцияга адам укутарынын бузулушу, тынчтыктын жана коопсуздуктун жоктугу болуп саналат.Бул мыйзамсыз миграция мамлекетибиздге чоң коркунуч алып келет. Ата-эне жоопкерчиликтүү болсо, жоопкерчиликтүү бала тарбиялайт.

**9. Ата-эне Турсунбаева А. сүйлөдү**:

- Тура айтасыз балдарга жакшы тарбия берип, жүрүш- турушуна көңүл бурушубуз керек . Антпесек олуттуу коркунучка кабылышы мүмкүн.Окууга кетти деп эле калбастан көзөмөлдөйлү, ким менен достошуп атат,кимдер менен сүйлөшүп жатат дегендей. Мектепте охрана да көзөмөлдөйт.

**10. Кызыл-Кыя ички иштер кызматкери ГОВДнын 10-ротанын улук лейтенанты Абдыганы уулу Ө. сүйлөдү**:

-Жакшы бирок кокус куралчан адамдар келсе бир охрана эчтеке кылалбай , өзү жалгыз болуп жетишпей калат «тревожный кнопканы» уюштуруш керек,башка мектептер да алып жатышат. Бирок бул кнопканын баасы кымбат болсо керек. Сиздер шаардык билим берүү бөлүмү менен байланышып, алууга аракет кылсаныздар болот.

**11. Кызыл-Кыя шаарыдык УКМКнын кызматкери Мойдун уулу Б. сүйлөдү**:

- Баланын коопсуздугу боюнча суроо барбы?

**12. Ата-эне Эшматова С. сүйлөдү**:

- Жаш тилемчилер жолдо көбөйүүдө , ошолорду көрүп биздин балдардын да көңүлү бурулат, биз да каропка кармап акча табабыз деп. Ал оңой жол менен акча табууга баары кызыгат да ошолорго кандайдыр бир чара колдонсоңуздар.

**13. Кызыл-Кыя ички иштер кызматкери ГОВнун 10-рота кызматкери Абдуллаев Б . сүйлөдү:**

-Алардын кээ бирөөлөрүнүн күбөлүгү бар. Калгандары боюнча биз иш жүргүзүп, чара колдонуп жатабыз.

**14. Мектеп директору Сарытаева Д.Т. сүйлөдү**:

-Биз ата-энелер менен тынымсыз байланышып иштеп жатабыз. Мектепте окуучулардын коопсуздугу боюнча тынымсыз тарбиялык сааттар,сүйлошүүлөр жүргүзүлүп жатат. Ар бир мезгилдин табигый кырсыктары боюнча да иш чаралар өткөрүлүүдө.28-сентябрь күнү мектепте Жарандык коргонуу күнү болуп өттү. Биз дайыма сиздер менен тыгыз иштешип мектепте коопсуз абал сакталышына ишенебиз.

**Жогорудагы маселелерди карап чыгып, ата-энелер комитеттеринин жыйыны төмөнкүлөрдү чечим кылат**:

1. Мектеп администрациясы, класс жетекчилер, ата-энелер тарабынан балдарга уюлдук телефондун зыяндуу экендигин түшүндүрүү менен сабакта телефон колдонууга тыюу салынсын.
2. Мектепте окуучулар арасында мугалимдер жана ата-энелер тарабынан коопсуздук эрежелери түшүндүрүлүп, сүйлөшүүлөр тынымсыз алып барылсын.
3. Экстремисттик көз караштагы маалыматтар, буюм-теримдер боюнча окуучуларга мугалимдер, ата-энелер тарабынан түшүнүк берилсин.
4. Сабакты себепсиз калтырган окуучулар менен иштөөдө ата-энелер, укук коргоо органдары менен тыгыз иш алып барылсын.

Мектеп директору: Д.Т.Сарытаева

Катчы: А.А.Тагаева